Эл депутаттарынын Нарын областтык Советинин аткаруу комитетинин маданият башкармасы.

***НАРЫН ОБЛАСТТЫК КИТЕПКАНАСЫ***

# Тоо койнундагы шаар

(Нарын шаары жөнүндө эскерткич)

Нарын шаары

Тоолор... тоолор, чексиз асман тиреген карт Тянь-Шань тоолору. Ушул табышмактуу тоолорду мекендеп, Нарын шаары өзүндөй алп, эмгекчи адамдарды кучагына алып, тоолордун мээриминде өсүп-өнүгүп бара жатат.

Бул тоо койнундагы шаардын тарыхына кайрылсак, Советтик чоң энциклопедияда 1867—1869-жылдарда негизделгендиги көрсөтүлгөн. Азыр шаардын аймагы түндүктөн-түштүккө 1200 метрге, чыгыштан-батышка 16 чакырымга чукул созулат. Шаар деңиз деңгээлинен 2037 метр бийиктикте жайгашкан.

Өзүнүн географиялык, климаттык татаал шартта тургандыгына карабастан, социалдык-экономикалык маданий өнүгүүсү боюнча Нарын шаарынын өнүгүү темпи айрыкча кийинки жылдары бир кыйла ыкчамдады.

Революцияга чейин Нарын кичинекей көрксүз кыштак эле. XX кылымдын башында (1903-жылы) бардыгы 875 адам жашап, анын ичинде 391 орус менен украин, 230 өзбек, 64 кыргыз калгандары татарлар, дунгандар, уйгурлар болгон. Нарын Кашкар тарапка товарларды жөнөтүүгө ыңгайлуу пункт деп эсептелип, көчмөн кыргыздар соода жүргүзүүчү борбор катары пайдаланышкан эле.

Совет бийлигинин жылдарында баа жеткис жеңиштерибиздин бири — элдердин интернационалдык достугу болду. Азыр шаарда 21 улуттун жана элдердин өкүлдөрү бир тууган үй-бүлөдө жашап жатышат.

1913-жылы Нарында жашоочулардын саны 1500 адамга жетип алар 160 түтүнгө биригишип турушкан. Соодагерлердин бир нече соода точкалары — бажыкана, чиркөө, бир фельдшер иштеген аскердик оорукана, үч кербен сарай, кийим, бут кийимдерди, үй тиричилигине керектүү буюмдарды оңдоп, жамап-жаскоочу устакана болгон.

Нарын шаарында совет бийлигинин орношуна ошол кезде түзүлгөн көчмө революциялык комитет жана уезддин партиялык уюму, председатели Хаким Мусабаев, саясий бюронун председатели Сулайман Орозобековдор, жетекчилик кылышкан. Нарын шаары калың элдин эркиндиги алардын келечектеги бактылуу турмушу үчүн күрөшкөндөрдүн бири, биринчи кыргыз революционери Таабал-

ды Жукеев-Пудовкиндин өмүрүнүн акыркы жылдары өткөн жер.

Нарын шаары 1939-жылы областтык борбор болуп уюшулуп, 1963-жылы республикалык баш ийүүдөгү шаар, ал эми 1971-жылдан тартып кайрадан областтык борбор болуп калды.

Совет бийлигинин жылдарында шаардын экономикасы түп-тамырынан бери өзгөрдү. Эски кербен сарайлардын ордуна өнөр-жай ишканалары курулууда. Эгерде 1936—1937-жылдарда нан жабуучу ишканада 13, басмаканада 6 адам эмгектенгендиги белгиленип жүрсө 1951-жылы шаарда калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинаты, кийим, бут кийим тигүү фабрикасы, кыш заводу, нан жабуучу ишкана, жылуулук электростанциясы, автобаза курулган.

Бүгүн шаарда ондон ашык курулуш мекемелери иштеп, анда жалпысынан 2981 куруучу эмгектенет.

Азыр шаардын борбордук Ленин көчөсүнүн бойлорун негизинен көп кабаттуу турак уйлар, административдик жана өндүрүштүк имараттар ээлейт. Он биринчи беш жылдыкта шаарда 66575 чарчы метр турак жай аянты пайдаланууга берилген. Кийинки кездерде эмгекчилердин эс алуучу жайларын курууга көңүл бурулуп жатат. Бул багытта «Алма-Бак», «Жеңиш» парктары, «Соң-Көл» жана жайкы кинотеатр, «Салкын-Төр» эс аллуу комплекси пайдаланууга берилип, шаардын көркүнө-көрк кошту.

Нарын шаарындагы биринчи кыргыз тилиндеги мектеп 1924-жылы ачылып, анда окуган 104 окуучуга 3 гана мугалим сабак берсе, бүгүн шаарда үч атайын орто окуу жайы, 1110 окуучуну камтыган 3 кесипчилик-техникалык окуу жайы бар. Он орто мектеп, бир сегиз жылдык мектеп-интернатта он бир миң окуучу билим алууда. Аларда Кыргыз ССРинин эмгк сиңирген 4 мугалим, СССР эл агартуусунун 8 отличниги эмгектенишет. Мектепке чейинки балдар мекемелеринин саны 12ге жетип, 1,5 миңден ашык бөбөктөр тарбияланышууда.

Эгерде 1925-жылы Нарындагы амбулатория, төрт кабинети бар кичинекей оорукана болсо, бүгүн шаардыктарга областтык оорукана, балдардын областтык ооруканасы, кургак учук, тери ооруларынын диспансерлери, санэпидстанция жана 865 адамга эсептелген атайын поликлиника, эки апте-

ка алардын соода жайлары кызмат кылат. Эмгекчилердин ден-соолугу үчүн 220 врач, 500гө жакын медициналык кызматкерлер кам көрүүдө.

Шаар маданияты социалдык-экономикалык өнүгүү менен шериктеш. Бүгүн шаардын өзүнүн маданият үйү, музыкалык мектеп, кинотеатрлары, край таануу музейи, стадиону, 250 миң нускадан ашык китеп фондусу бар 9 китепкана эмгекчилерди тейлейт. 600 орунга эсептелген жаңы «Соң-Көл» кинотеатры көрүүчүлөргө тартууланды.

М. Рыскулов атындагы музыкалык драма театры элдик таланттардын алгачкы учкундарынан өнүгүп чыккан 1930-жылдардын акырында азыркы Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артист Абдылашим Көбөгөновдун жетекчилиги астында уюшулуп, биринчи болуп Ж. Бөкөнбаевдин «Токтогул» музыкалуу драмасын көрүүчүлөргө тартуулаган. Дээрлик 50 жыл убакыттан бери театрдын коллективи өзүнүн репертуарын эмгекчилерге арнап келе жатат. Буга жакында Москва шаарында гастролдо болуп келиши күбө боло алат. Азыр театрда Кыргыз ССРинин Эл артисттери С. Андабеков, К. Медетбеков, Т Жумакаева, Кыргызстандын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, композитор Ж. Шералиев, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты А. Сарлыкбековдор эмгектенишет.

Улуу тоолордун капчыгай, өрөөнүн аралап, кылымдар бою Нарын дарыясы күкүктөп агып жатат. Тогуз-Торо, Ак-Талаа менен Нарындын ортосунда каттаган жолоочулар Ат-Башы суусунан өтө алышкан эмес. Аркан ыргытып, жөө кишинин белине байлап тарттырып, устундан салынган өткөөлдөн арaң өтүшкөн. Мына азыр ушул жерде, деңиз деңгээлинен эки миң метрден ашык бийиктикте Ат-Башы ГЭСи, 1970-жылдан бери иштеп жатат. Анын чагылгандан күчтүү нурлары Улуу Тоонун коюн-колтугуна кетти.

Нарын шаарынын миңден ашуун эмгекчилери, Улуу Октябрь Революциясынын 70 жылдык маарасинин алдындагы эмгек вахтасына жигердүү катышып, бүгүн өндүрүштүн 300дөн ашык алдыңкылары 23 бригада жана ондогон ишканалардын коллективдери, он экинчи беш жылдыктын экинчи жы-

ка алардын соода жайлары кызмат кылат. Эмгекчилердин ден-соолугу үчүн 220 врач, 500гө жакын медициналык кызматкерлер кам көрүүдө.

Шаар маданияты социалдык-экономикалык өнүгүү менен шериктеш. Бүгүн шаардын өзүнүн маданият үйү, музыкалык мектеп, кинотеатрлары, край таануу музейи, стадиону, 250 миң нускадан ашык китеп фондусу бар 9 китепкана эмгекчилерди тейлейт. 600 орунга эсептелген жаңы «Соң-Көл» кинотеатры көрүүчүлөргө тартууланды.

М. Рыскулов атындагы музыкалык драма театры элдик таланттардын алгачкы учкундарынан өнүгүп чыккан 1930-жылдардын акырында азыркы Кыргыз ССРине эмгек сиңирген артист Абдылашим Көбөгөновдун жетекчилиги астында уюшулуп, биринчи болуп Ж. Бөкөнбаевдин «Токтогул» музыкалуу драмасын көрүүчүлөргө тартуулаган. Дээрлик 50 жыл убакыттан бери театрдын коллективи өзүнүн репертуарын эмгекчилерге арнап келе жатат. Буга жакында Москва шаарында гастролдо болуп келиши күбө боло алат. Азыр театрда Кыргыз ССРинин Эл артисттери С. Андабеков, К. Медетбеков, Т Жумакаева, Кыргызстандын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, композитор Ж. Шералиев, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты А. Сарлыкбековдор эмгектенишет.

Улуу тоолордун капчыгай, өрөөнүн аралап, кылымдар бою Нарын дарыясы күкүктөп агып жатат. Тогуз-Торо, Ак-Талаа менен Нарындын ортосунда каттаган жолоочулар Ат-Башы суусунан өтө алышкан эмес. Аркан ыргытып, жөө кишинин белине байлап тарттырып, устундан салынган өткөөлдөн араң өтүшкөн. Мына азыр ушул жерде, деңиз деңгээлинен эки миң метрден ашык бийиктикте Ат-Башы ГЭСи, 1970-жылдан бери иштеп жатат. Анын чагылгандан күчтүү нурлары Улуу Тоонун коюнколтугуна кетти.

Нарын шаарынын миңден ашуун эмгекчилери, Улуу Октябрь Революциясынын 70 жылдык маарекесинин алдындагы эмгек вахтасына жигердүү катышып, бүгүн өндүрүштүн 300дөн ашык алдыңкылары 23 бригада жана ондогон ишканалардын коллективдери, он экинчи беш жылдыктын экинчи жы-

лынын план-тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда аткарууга белсенип эмгектенип жатышат. Алсак, Нарын шаарындагы калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын тигүүчүсү, Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездининин делегаты Б. Мусуралиева, ушул эле комбинаттын токуучусу, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Г. Турдакунова, «Нарын облагро өнөр-жай курулуш» бирикмесинин Нарын ПМКсынын бригадири, республиканын эмгек сиңирген куруучусу, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты М. Мурзабеков, Нарындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазанын шофёру Ленин, Элдердин достугу ордендеринин кавалери К. Мамбетов, ПЭСтин электромонтёру, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендеринин ээси Ж. Жакеев ж. б.

Нарын шаарынын коммунисттери, жалпы эле эмгек коллективдери акыркы беш жылда экономикалык жана социалдык жана социалдык өнүгүү пландарын ийгиликтүү орундаткандыктары үчүн шаар 4 жолу республикалык, 5 жолу областтык Ардак тактага жазылып, областтык Кызыл Тууну 7 жолу жеңип алып, Эстелик Кызыл Туу менен сыйланды.

Областыбыздын борбору болгон кылым карыткан шаарыбыз, жыл өткөн сайын көркүнө көрк кошуп, күндөн-күнгө өзгөрүп, кулачын көккө сермеп, өсүү жолунда.

Горы, горы, горные хребты перерезанные бурной горной рекой, на небольшом участке террасы длиной в 16 км и шириной от 1,5 до 3 км расположен этот удивительный город, один из немногих «высотных» городов нашей Родины, расположен по обеим берегам реки Нарын на высоте 2037 м. над уровнем моря, зажатый между хребтами Нарын-Тоо и Нура-Тоо. Административный центр Нарынской области.

В Киргизии, пожалуй, трудно найти другой такой город, как Нарын, который обладал бы столь сложными географическими условиями. Здесь весьма ограничены условия для земледелия, имеются трудности в транспорте.

Климат города резко континентальный. Средняя температура января — 20°С. Морозы достигают до — 40°С. максимальная летняя температура+35°С.

Окрестности города не отличаются богатством и разнообразием растительного покрова: по дну долины и нижним частям склонов — полупустыня, покрытая полынью, ковылем, с редкими кустарниками, выше степи из типчака, над ними субальпийские луга и тянь-шаньские ели.

Окресности города богаты минерально—сырьевыми ресурсами: бурый уголь, железная руда, месторождения стройматериалов (известняк мрамор, гранит, глина, гипс). Город хорошо обеспечен водой.

На прилегающей к Нарыну территории площадью почти в 50 тыс км квадрат живет более 260 тыс, человек. В городе численность население составляет около 45 тыс. человек, состоящее из 21 национальностей и народностей.

Город вырос на важной торговой дороге Пишпек —Нарын—Торугарт и перевалы через хребет Нарын-Тоо. Бывшее Нарынское укрепление, затем небольшая слободка, где в 1903-году всего 875 жителей, в том числе 391 русских и украинцев, 230, узбеков, 64 киргиза, остальные татары, дунгане, уйгуры. Кроме чиновников, офицеров и солдат, здесь жили проводники караванов, погонщики, извозчики, купцы. Нарынская слободка была довольно значительным транзитным пунктом товаров в Кашгарию и центром торговли с соседними кочевыми пле-

менами киргизов. Город рос исключительно как торговый пункт. В 1913 году число жителей составляло 1500 человек, имелись 139 торговых точек, таможенный пункт, церковь, фельдшерский пункт, лазарет, 3 караван-сарая, несколько чайхан, обслуживающих проезжих торговцев. «Промышленность» состояла из пяти курстарных мастерских по ремонту обуви, одежды, инвентаря.

Для установления Советской власти в г. Нарыне были организованы уездный комитет партии и передвижной революционный комитет, председателем политбюро ревкома Сулайман Орозбеков.

Говоря о революционном прошлом города, нельзя не упомянуть о замечательной личности первого киргиза революционера — профессионала Таабалды Жукеева (Пудовкина), последние годы жившего в Нарыне.

С 1918 года начинается послужной список города как центра уезда, с 1920 года — центр кантона, с 1939 года — центр области, с 1963 года — город республиканского подчинения, а с 1971 года — административный центр Нарынской области.

Первые зачатки промышленности в городе относятся к 1927 году. В 1930 году разрозненные мастерские были объединены в первые артели промысловой кооперации.

В 1936 г. в городе работает хлебопекарня, типография, строительный участок, мастерские по ремонту сельскохозяйственного инвентаря.

В 1937 г. вступила в строй небольшая ТЭС, в 1940 году — Он-Арчинская ГЭС и мельница.

В 1941 г. в Нарыне работает небольшой промкомбинат в составе строительного, канатного, деревообделочного, швейного, ремонтного цехов. Кроме того были артели промысловой кооперации по производству обуви, швейных изделий, извести.

Сегодня в городе более 10 строительных организаций, где трудятся 2981 человек, 8 промышленных предприятий. Такие промышленные предприятия, как мясокомбинат, маслозавод, швейная фабрика поставляют свою продукцию по всей Киргизии.

Ныне г. Нарын — современный город со множеством 2—3—4 этажных домов со всеми коммунальными удобстами, асфальтом улиц, парками Центральная улица им. В. И. Ленина застроена корпу-

сами промышленных, административных, а также правительственных зданий, образующих площадь.

В одиннадцатой пятилетке сдан в эксплуатацию крупный Московский микрорайон при въезде в город, сдано в эксплуатацию 66575 м квадрат жилой площади.

Культурное развитие города началось только после победы Октябрьской революции. Первая шко ла на киргизском языке была открыта в 1924 году, где работало 4 учителя и обучалось 104 учащихся.

В настоящее время в 10 средних школах города обучается более 11000 учащихся, восьмилетняя школа-интернат. В школах трудятся 4 заслуженных учителя Киргизской ССР 8 отличников народного образования СССР.

Работают 12 дошкольных учреждений, где воспитывается 1,5 тыс. детей, 3 средних специальных учебных заведения, 3 профтехучилища, где обучается 1110 учащихся.

В 1925 году в Нарыне была амбулатория из 4 кабинетов, сейчас работает областная, областная детская больницы, туб, и кожвендиспансеры, поликлиника на 865 мест, две аптеки с разветвленной сетью киосков. В здравоохранении города трудятся 220 врачей и 500 среднего медперсонала.

В 1926 году в Каракол — Нарынском округе работают 9 изб — читален и 5 красных юрт, одна из них в г. Нарыне.

В настоящее время сеть библиотек Нарынской области состоит из 174 библиотек, входящих в 7 централизованных библиотечных систем. В городе функционирует ЦБС с центральной библиотекой и шестью филиалами, областная и областная детская библиотеки, фонд которых насчитывает более 250 тыс, экз. произведений печати.

Музыкально-драматический театр им. Рыскулова является первенцем театральной культуры в области. В этом году театр отмечает свое пятидесятилетие, этой дате были посвящены гастроли театра в Москве и столице нашей республики г. Фрунзе.

На подмостках театра выросла плеяда замечательных артистов, это народные артисты Киргизской ССР С. Андарбеков, К. Медетбеков, Т. Жумакаева, лауреат Государственной премии им. Токтогула

композитор Ж. Шералиев, лауреат премии Ленинского комсомола Киргизии режиссёр А. Сарлыкбеков и др.

Последнее время уделяется большое внимание культурному досугу трудящихся: заложены два новых парка «Алма-Бак» и «Жеңиш» построен кинотеатр «Соң-Көл», работает летний кинотеатр в парке «Алма-Бак» и кино-театр «Тянь-Шань» в центральном парке.

В 1986 году введен в эксплуатацию культурно-спортивный комплекс «Салкын-Тор», куда выезжают отдыхать горожане и гости города.

С 1970 года работает Ат-Башинская ГЭС, электрофицированы все отдаленные участки области.

На промышленных предприятиях города в честь юбилея Октября на трудовой вахту встали 300 передовиков производства, 23 бригады и более 10 производственных коллективов, которые борются за досрочное выполнение плана второго года двенадцатой пятилетки. Мы с гордостью называем имена знатных горожан.

В быткомбинате трудится передовая швея, делегат XVIII съезда Компартии Киргизии Б. Мусуралиева, прядильщица этого комбината Депутат Верховного Совета Киргизской ССР Г. Турдакунова, в облагропром объединении в Нарынском ПМК бригадир, заслуженный строитель республики Депутат Верховного Совета Киргизской ССР М. Мурзабеков, шофёр Нарынской пассажирской автобазы кавалер ордена Ленина и Дружбы народов К. Мамбетов, электромонтёр ПЭС кавалер ордена Трудового Красного знамени и знака Почета Жакеев и другие.

Город четыре раза занесена на республиканскую Доску почета и пять раз на Доску почета области, семь раз завоевано переходящее Красное Знамя области, награжден памятным Красным Знаменем областного комитета партии, облсовпрофа и ОК ЛКСМ Киргизии.

Наш город постоянно растет и хорошеет, благоустраивается, развивается промышленность, улучшается бытовое обслуживание населения, разнообразится культурный досуг трудящихся, возрождаются национальные праздники и традиции, повышается общая культура горожан.